DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2022

*Курманбекова Н.Т.*

# БИЙИК ТООЛУУ АЙМАКТА ЖАШАГАН КАЛКТЫН ЖАШОО ШАРТТАРЫ

*Курманбекова Н.Т.*

# УСЛОВИЯ ЖИЗНИ НАСЕЛЕНИЯ В ВЫСОКОГОРНЫХ РАЙОНАХ

*N. Kurmanbekova*

# THE LIVING CONDITIONS OF THE POPULATION IN THE HIGHLANDS

*УДК: 314.316*

*Макалада Кыргызстанда абдан көйгөйлүү маселе катары тоолуу жерде жашаган калктын жашоо сапаты жана шарты тууралуу талкууланган. Автор тарабынан социологиялык изилдөөнүн бир катары фокус-топтук ыкмасын колдонуу менен жүргүзүлгөн илимий эмгектин жыйынтыгы чагылдырылган. Тоолуу жер катары изилдөөнүн объектиси катары Нарын областынын 5 административдик району социологиялык иликтөөгө алынган. Изилдөөдө көтөрүлгөн маселелер боюнча орчундуусу: жашоо шартынын катаалдыгы, жумушсуздук, ички жана тышкы миграция, калктын саламаттыгынын начарлыгы ж.б. Мындай кырдаалга бийик тоолуу өрөөндөгү географиялык шарттар чон таасирин тийгизген. Ошол себептен, жаштардын борборду карай агылышууда. Айылдарда орто жаш курактагы ата журтун таштай албаган адамдар басымдуулук кылат. Карылардын 6 ай кыш болгон жерден качып, коммуналдык кызматтары жакшы, ден-соолукка байланыштуу жашоого ыңгайлашкан борборду карай агылышы факт. Бул көрүнүш жалпы мамлекеттик деңгээлде көтөрүлө турган көйгөй. Негизинен киреше булагы катары мал чарбачылык менен алектенишет. Бирок, ар кандай факторлордун негизинде баардык үй чарбачылыктары мал багууга шарттары жок. Бийик тоолуу жерде жашагандардын 90% жумушсуз, ооруkчан адамдар. Негизги киреше булагы катары пенсия жана пособия. Мамлекет тарабынан каржыланган пенсия менен пособияны ар бир үйдө бир-эки адам алса, ошого үй чарбачылыктагы баардык мүчөлөр жашашат.*

***Негизги сөздөр:*** *бийик тоолуу жер, жумушсуздук, жашоо сапаты, жашоо шарты, киреше, миграция, социологиялык изилдөө, фокус-топ.*

*В статье рассматривается качество и условия жизни горного населения Кыргызстана, как очень проблемный вопрос. Автор представляет результаты серии социологических исследований методом фокус-групп. В качестве объекта исследования были обследованы 5 административных районов Нарынской области как горная местность. Наиболее важными проблемами, поднятыми в исследовании, являются: тяжелые условия жизни, безработица, внутренняя и внешняя миграция, плохое состояние здоровья населения и др. На эту ситуацию большое влияние оказали географические условия высокогорной долины. Именно поэтому молодежь стекается в центр. В сельской местности большинство людей среднего возраста не имеют возможности покинуть родину. Это факт, что старики убегают от зимы на 6 месяцев и стекаются в центр, где коммунальные услуги хорошие и здоровые. Это проблема, которая будет поднята на национальном уровне. Они в основном занимаются животноводством как источником дохода. Однако в силу различных факторов не все домохозяйства имеют доступ к домашнему скоту. 90% людей, живущих в горной местности, безработные и больные. Основными источниками доходов являются пенсии и пособия. Если один-два человека в каждом домохозяйстве получают государственные пенсии и пособия, то в нем будут проживать все члены домохозяйства.*

***Ключевые слова:*** *горная местность, безработица, качество жизни, условия жизни, доход, миграция, социологическое исследование, фокус-группа.*

*The article discusses the quality and living conditions of the mountainous population in Kyrgyzstan as a very problematic issue. The author presents the results of a series of sociological research using the focus-group method. 5 administrative districts of Naryn oblast were surveyed as the object of study as a mountainous area. The most important issues raised in the study are: harsh living conditions, unemployment, internal and external migration, poor health of the population, etc. This situation was greatly influenced by the geographical conditions of the highland valley. That is why young people are flocking to the center. In rural areas, the majority of middle-aged people are unable to leave their homeland. It is a fact that the elderly run away from the winter for 6 months and flock to the center, where utilities are good and healthy. This problem will be raised at the national level. They are mainly engaged in animal husbandry as a source of income. However, due to various factors, not all households have access to livestock. 90% of people living in the highlands are unemployed and sick. The main sources of income are pensions and benefits. If one or two people in each household receive state-funded pensions and benefits, all members of the household will live there.*

***Key words:*** *highland, unemployment, quality of life, living conditions, income, migration, sociological research, focus group.*

Нарын областы Кыргызстандын түштүк-чыгышында Нарын дарыясыныда жайгашкан, аянты 45,2 миң км², калкынын жыштыгы 6.0/км². Область чыгыш жагынан Ысык-Көл, түндүк жагы Чүй, батышы – Ош жана Жалал-Абад, түштүгү Кытай Эл Республикасы менен чектешкен. Калкынын саны 1999-жылы 249115 адам болсо, 2009-жылдагы эл каттоонун маалыматы боюнча 257768 адам анын 99,2% кыргыздар. Кыргызстандын борбору Бишкек шаарынан 350 км, Кытай Эл Республикасынын чек арасынан 200 км аралыкта жайгашкан. Нарын областы 5 административдик районду (Ак-Талаа, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Нарын), 54 айыл округун, 122 айыл-кыштакты, 2 шаар түрүндөгү поселокту жана 1- Нарын шаарын камтыйт [1].

Изилдөөнүн максаты (SS) жашоонун сапатын айылдарда түшүнүүсүн аныктоо, өзгөчө социалдык жана коомдук мамилелеринин таасиринин айланасында. Негизги милдеттери:

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



1) социалдык-экономикалык алмашууларды жана процесстерди сурамжылоонун негизинде түшүндүрүү;

2) социалдык түзүлүш жана мамилелер жөнүндө маалыматтарды чогултуу, өз жашоосуна таасирин тийгизүү үчүн коомдук иштерге жана чечимдерге катышуусу (добушу);

3) көрсөтүлгөн кызматтардын сапатына жана жеткиликтүүлүгү боюнча суроолорду талкуулo;

4) элдердин түйшүгү жана тилектери боюнча ар кандай топтордун пикирлерин анализдөө.

Бул изилдөөнү жүргүзүү үчүн Нарын областы тууралуу жалпы маалыматты чагылдыра турган райондордогу айыл округдарын тандап алдык. Изилдөөдө: аял жана эркек, жаштар менен карылар, байлар менен жакырлар сыяктуу ар кандай топтордун мүчөлөрүн камтыганга аркет жасалган.

**Изилдөөнүн методологиясы.** Изилдөөдө маалыматтарды чогултуу үчүн үч метод колдонулду: ар кандай топтор арасында фокус-топ (ФГД) өткөрүү; негизги маалымат берүүчүлөр менен маектешүү; жарым түзүлүштөгү интервью (SSIS) [5]. Фокус-топко 197 адам катышты.

Ар кандай тармактардын адистеринен куралган алты изилдөөчү топ экиден бөлүнүп үч топ айылдарда өз тармактары боюнча төмөндөгү темалар боюнча иш алып барышты:

1. Негизги маалымат берүүчүлөр менен маек: жашоо шарттары (жашоо тиричилиги) негизги кызматтар, жана жаратылыш ресурстары;

2. Катышуучулар менен саламаттыкты сактоо жана билим берүү кызматтарын колдонуусу боюнча пикир алышуу (2 фокус-топ);

3. Гендер маселелери жана муундардын ортосундагы мамиле темасы жөнүндө талкуу жүргүзүү (2 фокус-топ);

4. Жаштар, алардын мүдөө-тилектери жана түйшүктүү көйгөйлөрү боюнча талкуу жүргүзү (2 фокус-топ);

5. Финансылык кызматтарды колдонуу боюнча фокустук топтор арасында талкуу жүргүзү;

6. Фокустук топтор арасында миграция жөнүндө талкуу жүргүзүү;

7. Жеке интервью: Коомдук катышуу, чечимдерди кабыл алуу, социалдык мамиле, маданият жана жалпы жашоо сапаты;

8. Негизги маалымат берүүчүлөр менен экинчи маек: жамаатты уюштуруу жана конфликттерди чечүү.

Изилдөөнү баштаардын алдында изилдөөчүлөргө атайын пилоттук семинар уюштурулду. Анда фокус-топтогу жана жеке интервьюда талкуулана турган темалар боюнча суроолор такталып, жергиликтүү шартка жараша түзүлүшү иштелип чыкты. Талаа иштерин уюштурууда ар кандай кыйынчылыктарды жана каталарды максималдуу жоюу үчүн Өзгөрүш айыл округунда (Ат-Башы району) пилоттук изилдөө жүргүздүк. Дээрлик баардык темалар боюнча суроолорду тактап алууга жакшы мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Изилдөө жүргүзү мезгилинде айылдардын жашоочулары абдан жылуу мамиледе тосуп алышты жана мобилизациялоого чоң жардам беришти. Катаал жашоо жартына карабастан изилдөөчү командага жашоо үчүн турак жайларын бошотуп берип жатышты.

Бул отчетто негизги маалымат берүүчүлөрдүн, фокус-топтун катышуучуларынын жана жеке интервью берүүчүлөрдүн жоопторунун анализи чагылдырылган. Бул жыйынтыктар ар кандай тармакты камтып келип бирин-бири толуктаган анализ.

Өзгөрүш деген айылдын тургундарынын жооптору: Биздин айылда негизинен мугалимдик кесип аркылуу жана ФАПтын 1,5 ставкадагы медсестраларынын гана алган маянасы болбосо башкалар жумушсуз. Мал чарбачылыгынан жана бир аз картошка сатканда киреше алабыз.

Дээрлик көпчүлүгүбүздүн билимибиз жогору болгону менен жумуш жок. Аялдар мугалимдик кесипти аркалашса, эркектер айыл чарба тармагында кесипке ээ болушууда. Келин алган мугалимдин окуусун бүтүрсө алып калганга аракет кылабыз, себеби, жалгыз үй-бүлөлүк акчалай киреше мугалимдердин айлыгы.

Улуу муундар жаштарга салыштырмалуу Советтик убактагы алган кесиптик билимдери (айыл чарба боюнча, инженерлер, экономистер, бухгалтер ж.б.) азыркы учурда жумушсуз болгондуктан, жаштар мугалимдик кесипти тандашууда. Акыркы беш жыл аралыгында жогорку билим алган жаш балдар көп, өзгөчө акыркы жылдарда фермердик боюнча кесипке кызыккандар да жок эмес.

Жаратылыштын катаалдыгы, бат карыйбыз жана ден-соолугубуз тез начарлайт, жаш келин-кыздар, балдар кан басымынын жогорулугу менен ооруп жатышат. Жумушсуздук, үйдө мен гана иштейм, калгандары менин айлыгымды карап отурушат. Айылда орто жашап калган эркектер жумушсуздуктун кесепетинен арак ичишүүдө.

Жерге болгон көз карандылык жаш үй-бүлөлөрдө бар. Себеби, 1992-жылы мен жана жубайым, бир балам менен алган үлүшкө тийген жер, азыркы учурда башка балдарымды багууда жана үй-бүлөгө жетпей калууда. Айылды жана жер үлүштөрүн таштап кеткендерден ижарага алышат. Жаңы төрөлгөн балдарга жер үлүшү каралбайбы? Бул боюнча саясат кандай. Мал чарбачылыгына айылдыктар көз каранды. Негизги киреше булагы мал сатуудан түшөт. Негизинен бодо мал (кой, уй, жылкы).

Жайыттар боюнча кабыл алынган мыйзам боюнча анчалык деле маалыматтары жок. Бирок, 45 жаштардагы аялдын маалыматы боюнча жайытка чыккан

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ар бир малдын туягынын санына акча төлөшөт. Бирок канчадан, кандай төлөрүн билишпейт.

Жайыт комитеттери тууралуу кабары жок. Малды гана бартер түрүндө соода кылуудабыз жана ашыкча картошка болсо аны сатабыз. Ар кандай проектердин аркасында тигүү цехи ачылган аялдарга, бирок, ал өз ишин актабай калды. Мектептер бир аз проект менен терезелерин жылуулап, жаңы терезе койдуруп алышты.

Элдин жашоосу оңоло баштады. Ар ким өз үйбүлөсү үчүн аракет кылып, малдын баасы өсүп, дээрлик баардыгы мал чарбачылык менен алектенгенге өтүштү.

Негизги керектелүүчү товарларды айылдын тургундары жекшемби күнү базарга барып мал сатканда сатып алышат. Айыл ичинде бир дүкөн бар. Базар Ат-Башыда, 45 км. Алыстыкта жайгашкан. Машина (такси) маселеси бар. Жол кире 60 сом. Коомдук транспорт үч ай мурун уюштурулган Өзгөрүш-Бишкек автобусу каттайт, күн сайын, төлөмү 310 сом. Кечки 18.30. Өзгөрүштөн чыкса, Бишкектен 19.30. чыгат.

Электр, ичүүчү суу жетишээрлик. Алар канааттанышат. Санитардык кызмат боюнча таштандыларды ар ким талаага төгөт, мал жеп кетет. Көрсөтүлүп жаткан кызматтар ылайыктуу эле. Интернетти мектепке орнотуп беришкен, бирок иштете албай коюшту деп угабыз.

Акыркы мамлекеттик саясат, өзгөчө мугалимдердин айлыгын көтөргөндөн тартып жакшы жакка өзгөрө баштады. Себеби, алар айылдын акчалуу, билимдүү адамдары катарында кадыр-баркка ээ болуп, жогорку билим алгандар да мугалимдик кесипти аркалай башташты. Малды сатканда да жакшы баа болуп, эл дагы мал баккандын баркын билип, жашоотурмуштарын оңдогонго аракет кылууда.

Жашоонун жакшы сапаты – жаратылышы жакшы жерде жашаса жакшы да. Жаратылыш катаал, бирок ошого карабастан ата бабаларыбыз жердеген жерди калтырбай жашап келе жатабыз. Ден-соолугубуз начар. Бирок, ошого карабастан, акыркы жылдары үй чарбачылыктарын оңдоп, жаңы буюмдарды сатып алып, жакшы кийингенге аракет кылуудабыз. Акчабыз болсо эле, баарын оңдогону турабыз.

Улгайган адамдарга караганда айылдагы жаштар үй чарбачылыгын оңдоого жана сарайларын жаңылатууга аракеттенүүдө. Аялдар кошуна колонду карап, жашоосунун жакшырышына аркет кылышууда.

Жашоонун начарлыгы негизинен жалкоолордуку жана жумушсуздардыкы. Себеби, үйүндө эч ким иштебесе, бир эле мал сатып жан баккандарга кыйла оорураак. Эркектери ичип жүрө берсе да, жашоосунун сапатын начарлатууга түрткү берет.

Жаратылышыбызда шамал көп болот. Бирок, акыркы учурларда алаамат шамалдар айтылбай келип, тамдардын чатырларын учуруп кетүүдө. Кээде күн абдан ысык тийгенде, элдердин баштары ооруп, канн басымдары жогорулап кетүүдө. Шамалдан көздөрүбүз ооруйт жана бат карый баштадык. Кырсыктарга алдын ала чара көрө алышпайт, себеби шамалды кантип токтотот. Өткөн жылы сентярбь айларынын 18 деринде кар жаап салганга байланыштуу, кыш катал болду. Малга чөп жок, тамак ашыбыз тартыш, отун маселелери ж.б. жаратылыштын өзгөрүүсүнө Кытай мамлекетинин бир нерселерди жардыргандыгы үчүн радиация жүрүп жататко деп ойлойбуз.

*Жеке интервью алына турган суроолорду тактоо үчүн Ат-Башы айылынын тургуну, Ат-Башы айыл өкмөтүнүн салык инспектору, 53 жаштагы Курманалиева Батманын пикир алышууга тарттык.*

Респондент эч кандай уюмдун мүчөсү эмес, себеби убактысы жок. Кол кабыш түрүндө баласынын үйүнүн чатырын жапканда жардамдашкан. Ал жерде Батма саман ташып берген.

Айылдагы каада-салттар: кыз узуатуу, келин алуу, бешик той ж.б. Респонденттин маалыматы боюнча намаз окуй баштагандан бери тойлорго көп катышпай калган. Каада-салттар акыркы беш жылдыкта өзгөрүүгө дуушар болууда. Мисалы: кызды ала качуу салты – сөйкө салууга айланды. Алдына барып түшүп, сөйкөсүн салып, алып кетишүүдө. Жашоонун сапатына таасирин тийгизүүдө, анткени мурда үйдө той өткөзүшсө, колунда барлар кафелерден өткөрө башташты. Анын кесепетинде элдер эки топко бөлүнө башташты, себеби, колунда барлар өз деңгээлиндеги адамдарды чакырып, колунда жоктор тойлорго катыша албай, «бай-кедей» деген түшүнүк кире баштады. Колунда жоктор өз алдынча топ болуп калууда. Келин алып калын берүүдө да байкалууда. Колунда барлар көбүрөөк берип, колунда жоктор калын бере албай жатат.

Респондент жашоосунун сапатына «3» – канааттандыраарлык же орточо, б.а. жакшы да, жаман да эмес деген баа берилди. Акыркы беш жыл ичинде жашоосунун сапатын – «3» – мурдагыдай бойдон эле калды.

Келерки 10 жылдыкка эч кандай мүдөө-тилектери жокко эсе. Ошол убакта Батма пенсияда неберелери менен алектенип жүрөт.

Жеке интервьюнун катышуучуларынын жооптору боюнча 80,5% жашоосунун сапатын «жакшы»- 72,2%, «эң жакшы» - 8,3% баалап өтүштү. 18% жа-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



шоосуна «канааттандырарлык же орточо, б.а. жакшы да, жаман да эмес» деген көз караште. Биздин байкообузга караганда 18-25 жашка чейинки респонденттерди баасы боюнча жашоо сапатын 40,2% «жакшы» деп баалашса, 25 жаштан жогоркулар 32% «жакшы» деп баалашты. Жашоо сапатын эң эле позитивдүү карагандарга жашоо шарты жакшы аймактар, аларга: Нарын шаары (100% - «жакшы»); Кочкор айлы (8,3% - «эң жакшы» жана 91,7% - «жакшы») көз караште. Жашоонун жакшы сапатын төмөнкүчө баалап өтүштү:

- ден-соолугунун жакшы абалы;
- үй-бүлөсүндөгү жана коомдогу тынчтык;
- иштеп, акча тапкандык;
- ичүүчү суу менен камсыз болу;
- кредити жок жашоо;
- моралдык жактан колдоо болсо;
- билимдүү болуу;

Изилдөөгө катышкандар жашоонун начар сапаттарын төмөнкүдөй баалашты:

- ден-соолугундун начардыгы;
- өлкөдөгү стабилдүүлүктүн жоктугу;
- жумушсуздук;
- карыз болуу;
- үй-бүлөдөгү түшүнбөстүк, ажырашуу;
- моралдык жакырлануу (ынтымактын, сыйлоонун кетиши);

Жаш курактары жана жынысы боюнча жашоонун сапатына болгон көз караштарында анчалык деле айырмачылыктар жок.

Жалпылап караганда акыркы беш жыл ичиндеги жашоосунун сапатынын өзгөрүүсүнө, аялдар жана эркектер жаш курагына карабастан 31,9% «бир топ эле жакшырды» деп бааласа, 41,7% «бир аз жакшырды» деп жакшы жака өзгөргөндүгүнөн кабар беришти. Ал эми 26,4% мурдагыдай бойдон калгандагын белгилешти. Бир да респондент жашоосунун акыркы 5 жылдагы абалынын начарлап кеткенин белгилеген жок. Анткени, жоопторду салыштырып карганда базар мамилесиндеги мыйзамдарды үйрөнүп калуу менен мамлекеттен эч нерсе сурап-күтпөстөн жашоого болгон көз караштарын өзгөртүшкөн. Айрыкча акыркы жылдардагы пенсия, посоиянын, мугалимдердин айлык акысынын көбөйгөндүгү жана сатууда малдын баасынын көтөрүлгөндүгү жашоонун сапатынын жогорулашына чоң түрткү берген. Акча каражатынын көбөйүшү менен үйгө керектелүүчү буюмдарды: телевизор, холодильник, машина, клем, мебел ж.б. сатып ала башташкан. Тамак аштарын жакшыртуу үчүн сезондо варенье, салат жасап алууга аракеттенишүүдө. Кийген кийимдери бири-бирине атаандаштык менен модалап кийинишүүдө.

Коомдук мамиле областъ боюнча жакшы, кыргыздын сактап калган «ашар» өз ара жардамдашуу салты кайрадан күчүнө кирген. Анда айылдын эркек, аялына кары-жашына карабастан бир-бирине жардам кылуу. Ашар ыкмасы менен мечиттер, бала бакчалар, мектеп ж.б. курулган. Калкынын саны көп жана инфраструктура жеткиликтүү айылдар ашарды деле колдонушпайт. Эркетер кирпич куюп, дубалын көтөрсө, аялдар тамак жазап беришет, мисалы: мектеп, бала бакча, мечит (Жер-Көчкүдө, Жерге-Талда, Кара-Суу-да). Эмнегедир ар бир айылда биздин байкашыбыз боюнча мечиттер ашар ыкмасы менен курулган. Жамандык-жакшылыкта айылдагы туугандары акысыз эле жардам кылышат.

Соңку жылдардагы социалдык-моралдык жактан жакырланып баратат, атаандашуу күч алууда. Оруу-жыюу убагында жардамдашканга адам табылбыйт, акысыз эч ким иштебейт, айрым учурларда акча маселеси да келип чыгат. Жаштар акысыз жардам бере алышпайт, себеби өздөрүнүн түйшүктөрү көп.

Айылдарда Ден-соолук комитети активдүү иш алып барат: элдин саламаттыгы боюнча кеңештерди беришет (туура тамактануу, гигиенаны туура сактоо ж.б.), жаштарга ар кандай оорулар тууралуу маалыматтарды беришет (ВИЧ/СПИД, туберкулез, ич оорулар ж.б.), биринчи медициналык тез жардам көрсөтүүнү үйрөтүшөт (давление ченөө, ийне саюу ж.б.). Жаштар уюмдарын ар бир айылда түзүүгө аракет жазашкан. Алар жаштарга ылайык майрамдарда көңүл ачуу оюун-зоокторду, спорттук мелдешүүлөрдү уюштурушат. Аялдар уюмдары өз ара акча чыгарышып, фонд түзүшкөн, түшкөн акчаны кимге керек болсо 5% бир айга пайдаланууга укукттуу.

Ар бир айылда Аксакалдар соту активдүү иштешет. Алсак, үй-бүлөлүк, айылдагы тургундардын, кошуналардын бири-бирине болгон дооматтарын калыс чечип берүүгө аракет жасашат. Аялдар өз ара уюшушуп, кыздардын себин, боз үй жабдыктарын жана кыргыздын кол өнөрчүлүгүн өнүктүрүүдө.

Коомдук мамиле да материалдык көз карашка багынууда, себеби социалдык-экономикалык статусу боюнча байлар-байлар менен, колунда жоктор өзүнчө катыша башташты. Демек, атаандаштыктын негизинде социалдык стратификация катмарларга бөлүнө баштады.

Убактысын неберелери менен өткөзүүнү каалайт. Жашоо турмушуна канааттанат, анткени өзү иштеп жаткан жумушу бар, бир аз мал-жайы бар. Эгерде материалдык жактан маселе чыгып калса туу-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



гандарына кайрылат. Турмушка тиешелүү маселелер болгон учурларда үй-бүлөсү менен акылдашат.

Үй чарбачылыгын жүргүзүү деңгээлинде саналып өткөн маселелрдин баардыгында чечим кабыл ала алат. Өз турмушун өзгөртө турган маселелерге чечим кабыл алууда шартка байланыштуу болот. Акыркы жылдарда эч кандай мекемелерге жардам сурап кайрылган эмес. Акыркы беш жыл аралыгында элдин жашоо сапаты оң жагына өзгөрүүдө, жаңы тамдарды салууда, үй оокаттарын жаңылоодо.

**Адабияттар:**

1. Андреев С.С. Оценка климатической комфортности территории / С.С. Андреев // Естественные и технические науки. - 2009. - №2.
2. Белкин В.Ш. Особенности биоклиматического районирования горных территорий / В.Ш. Белкин, Л.Н. Соколов, А.Ф. Финаев // Всесоюзн. совещ. по биоклиматологии человека : тез. докл. - Л., 1989. - С. 15.
3. Малхазова С.М. Медико-географический анализ территорий: картографирование, оценка, прогноз / С.М. Малхазова. М. : Научный мир, 2001. - 240 с.
4. Реймерс Н.Ф. Надежды на выживание человечества: концептуальная экология. / Н.Ф. Рей-мерс. - М. : «Россия молодая», 1992. - 365 с.
5. Салморбекова Р.Б. Кыргызстандагы социалдык чыңалуу маселелери. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 6. С. 115-117
6. Федюнина, Д.Ю. Влияние погодно-климатических факторов на организм человека / Д.Ю. Федюнина // Проблемы региональной экологии. - 2004. - №2. - С. 41-52.